# «МАНАС» ЭПОСУ ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДА КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНДА

**ТЕМИРОВА БАКТЫГҮЛ**
*ф.и.к., профессор, ОшМУ*

1985-жылдан тартып, коомдо демократиялык процесстер башталып, сөз эркиндиги, айкындуулугу күч алып, кайра куруу башталды. Бул жөнүндө К.Артыкбаев минтип жазат: «Поэзия – турмушка тез аралашкан жанр. Ал жеке лирикалык «мендин» жан дүйнөсүн иликтөө, анын ар кыл сырларын ачуу менен жалпыга тиешелүү, көптөрдүн көкүрөгүндө турган ой-санааларды көркөм элестетет. Өлкөдө кайра куруу, ачык айтуу саясаты күчөгөндө поэзия мурдагыдан да активдүү кыймылга келип, коомдогу, мансап чөйрөсүндөгү, турмуш-тиричиликтеги оң-терс көрүнүштөрдү тереңирээк иликтеп, өз оюн, өз көз караштарын кеңири, айкын билдирүүгө аракеттене баштады… Башка кыргыз акындарынын айрым бир ырларында да кайра куруу, ачык айтуунун талаптарына ылайык кемчиликтерди сындоо мотивинин кыйла активдүү көрүнгөндүгү байкалды…» (1, 573).

Ошол сексенинчи жылдардын экинчи жарымынан, өзгөчө поэзияда публицистикалык мотив күчөп, сындын дүрмөтү коомдун талуу проблемаларына, бийликке, заманга, керек болсо конкреттүү бийлик өкүлдөрүнө багытталды. Анатай Өмүркановдун «Обком чалдар», «Атпай журтум», «Ардануу», «Оо, кудурет, үйү күйүп үмүттүн», «Хан аз күлөт дечү эле», «Ушул күнгө ким апкелди», «Канталамай» ж.б, Ш.Дүйшеевдин «Кел, сүйлөшөлү!», «Кайдыгерлик», «Эне тилин унуткандар», «Ысык-Көлдү сакта дейсиң», «Бир кемпир баткан жокпу?», «Бөлүнгөндөн акыры өлөт кыргыз» ырлары бул таланттуу акындардын жеке чыгармачылыгындагы табылга эмес, жалпы кыргыз поэзиясынын өнүгүү багытын аныктаган этаптык чыгармалардан болуп калды.

Акын А.Өмүрканов «Токтоткула!» аттуу ырында Таластагы Манастын күмбөзүнүн жанындагы Кароол Дөбөдө алтын бар деп айткан көзү ачыктарга ишенип , каздырып жаткан бийликке кайрылып:

Эр Манастын арбагынан коркпогондор,
Көз каманга окшогондор,
Эл жегенди коштогондор…
Токтоткула! Токтоткула!
Көркоолорду кырк чоронун кусуру урсун!
Кароол Дөбө эртеңкиге аман турсун!..
Токтоткула! Ушул ишке ким күнөөлүү?
Соттоткула! (2, 299) – деп жазат. Акындын жан күйгүзө айткан ыр саптарынан көрүнгөндөй, «Манасты» саясатка айландырып, ал түгүл бүтүндөй кыргыз рухунун тамырын чорт этирип кыйганга аракеттенген «жайсаңчылардын», «коөурбайлардын», «маөкурттардын» катары көбөйүп жатканы өзөктү өрттөйт. Ушул мааниде Манас баатырдын Кароол Дөбөсүн чак түштө эле казып, алтын издегендери элибизди дүрбөлөңгө салганы маалым. Манас баатырдын Кароол Дөбөгө чыгып алып, элдин кыйырын көз салып, чет душмандардан коргоп, тынчтыгына кам көрүп турчу экен. Манас баатырдын касиеттүү жерине айланган Кароол Дөбө элдин тынч турмушунун ыйык символу катары көрсөтүлөт. Акын мына ушул байыркыдан калган куттуу жерден көр дүйнө издеп, казып, бүлүндүрүп жаткан бийликтин жүзүн ашкерлейт.

Мезгилдин күрөө тамырын кармай билген, атуулдук сезими күчтүү, өзгөчө үнү бар таланттуу акын Ш.Дүйшеев «Талас элине» аттуу ырында:

«Эл Манасты маң болгондо күтүшкөн,
Ага чейин малай болуп бүтүшкөн» (3, 108) – деп элдин муң-кайгысын ырга
салып, Айкөл Манасты элди бириктирүүчү, душмандан коргоочу жол башчы катары көрсөтөт. «Эне тилин унуткандар» аттуу ырында кыргызча билбеген Мурат аттуу каарман минтет:

Түшүнбөймүн ырыңды, макалыңды,
Түшүнбөймүн Кошоюң, Бакайыңды,
Башка калктын тарыхын билген менен
Билбеймин Манасыңды (3, 108).

Ал эми акын болсо:

Калдайгандын баары эле канат эмес,
Кабыландын баары эле Манас эмес.
Калкын чанган, калкынын тилин чанган,
Кан болсо да кыргыздын баласы эмес (3,136) – деп өз мезгилинин күйүп аткан маселесин кабыргасынан коюп, кескин жыйынтык чыгарат. Акын бүгүнкү өзөктүү өрттөгөн эне тилин чанып, аны сүйлөөдөн уялган маөкурт чалыш адамдардын кесепеттин чыркырап айтуу менен эпостун образдарына, тарыхка көп кайрылып, акыл-эске чакырат.. «Бөлүнгөндөн акыры өлөт кыргыз» аттуу ырында:

Жолдон издеп, санап жыйган элиңди,
Жондон издеп Талас жыйган элиңди,
Жолбун иттей тентип кетип дүйнөдөн,
Жок болордо Манас жыйган элиңди (3, 176) –деп жазып, кабылан Манас бир кезде курап журт кылган элди эми бөлүп-жарып жатканы жөнүндө:

Күнөөсүнө баттык го талаштын биз,
Күнөө кылсак кечет деп Манастын биз,
Күмбөзүнө куранды окуп туруп,
Элин бөлдүк күжүлдөп Таластын биз (3, 177) – деп жазат акын.

Ш.Дүйшеев «Сүйлөшкөнгө чейинки сөз» аттуу китебиндеги «Манастын көзү өткөн соң» аттуу ырында акын баатыр дүйнө салгандан кийин элдин тагдырына кабыргасы кайышып, санаасы санга бөлүнүп, ынтымагы ыдырап, «өзөктөн өрт, өздөн жат» чыгарын ойлоп, тынчсызданып:

О, эсил журт ошондой!
Октун, кектин көзү менен тиктеген,
Алмамбеттин арманынан ашкан сенин шоруң көп.
Каныкейдин азабынан ашкан сенин жолуң улам коогалуу – деп ошол азаптан Семетей элди куткарарын эскертет.

Акын Э.Эрматовдун «Манас» жана манасчылык өнөр темасына арнап жазган көркөм туундулары бар. Анын «Манас» жөнүндө ыр», «Манас атанын күмбөзү», «Энесай жээгинде», «Манасчы» ж.б. ырларында «Манас» кыргыздын бүтүндөй бүтпөс тарыхы, улуу руху экендиги, андагы баатырдык мотивдер, Ата журту коргоонун сабактары, жер-суу аттарынын реалдуулугу, манасчылык өнөрдүн кереметүүлүгү жөнүндө чагылдырат. Маселен «Манас жөнүндө ыр» деген чакан поэтикалык туундусунун маани-мазмуну өзгөчө, ак ыр формасында жазылат да, алты аталыштан (боз үй, бала, сүйүү, өмүр,Саякбай, өтүнүч) туруп, баары «Улуу Баяндын» өзөгүнө байланып турат.Кыргызды «Манасынан», ак калпагынан, боз үйүнөн, комузунан ажыратып кароого мүмкүн эмес, булар ата- бабалар калтырган ыйык мурастар. Алар элдин тарыхый тагдыры, акыл-эси,туу туткан сыймыгы.

Ырда боз үйдө «Манас» айтылган, элдин духу, руху чыңдалган, канча жолу кырылган сайын түтөп, баш көтөрүп, жер жүзүнөн атыбыз өчпөстөн учугубуз уланып келди деген ой жатат. Бул да болсо ата- бабаларыбыздын улуу духу жана «Манастын» руху. Ал эми ырдын «Бала» деген бөлүмчөсүндө:

- Атаке, кайдан бул дүбүрттөр?
- Манастан.
- Кай жактан калпакчан жигиттер?
- Манастан.
- Ыр угуп неге ыйлайт адамдар?
- Манаска.

- Атаке, карачы аппак кар!
- Шүк олтур, кулак түр Манаска.

Сегиз гана саптан турган бул ырдагы ата менен баланын диалогунда тереө маани туюндурулат.Улуу муун ата айткандай «Манас» кыргыздын жүрөгүндө, духунда түбөлүк жашоочу, сөздөн курулган улуу эстелик.Ошондуктан: «Баарын коюп, «Манасты» айт»- деген «байыркы элибиздин рухунун туу чокусу», түбөлүктүү сыймыгыбыз, соолбос демибиз.Биз бүгүнкү урпактарга рухий дөөлөтүбүздүн баалуулугун, ыйыктыгын айтып, акыл-сезимин ойготуп, курчутууга милдетүүбүз. Анан «Манас» эпосунун үчилтиги жөнүндөгү мыйзамды сактоого, аларды Ата журту коргоогондой калкалоого, өнүктүрүп. даөазалоого, тереө окууга, баалоого жаш кезден үйрөтүшүбүз зарыл.Балдардын бүтүндөй жан-дүйнөсүнө сиөдирбесек кыргыз деми менен жашоого багыттабасак, рухий маөкуртчулук жөө тумандай каптап кетет. Ошол «Манасты» Саякбайдай манасчылар «акылында сактап, тилинин алдына басып» биздин күнгө жеткиргенин жана феномендик таланттынын сырларын үйрөнүп, кадыр- баркына жетишбиз керек деген наркуу, ары келечектүү ойду айтат. Бул ойду автор жогоруда аталган ырларында да өркүндөтүп жүрүп олтурат.

Акын эпостогу түбөлүктүү идеялар менен бүгүнкү коомдо болуп жаткан ар түрдүү турмуш чындыгы, улут тагдыры менен байланыштырып бергендиги менен да кубаттоого болот.

Акын Тазагүл Закирова «Манасчылар – көк деңиз» аттуу ырында миңдеген жылдарды карыткан эл тарыхы эпосто чагылдырылып келгенин, тарыхтын баарын эпоско батырып келген манасчылар Сагынбай менен Саякбайлар –көк деңиз, сөз падышасы деп баалап, кабыланга кайрылып акын: «О, Эр Манас, колдой жүргүн элди ушу!» деп кайрылат. Ал эми «1990, июндун оңдолбогон тогуз ыры» аттуу ырында акын 1990-жылдагы Ош окуяларын чагылдырып, эки улуттун ортосундагы ырктын кетишин, элин саткан, жерин саткан атка минерлердин кесепетинен калк куурап, азап тартканына кейип, кыргыздын момундугуна, баеолугуна кейип, жеке кызыкчылыгын гана ойлогон чоңдор план деп отуруп, элди итке мингизгенин, акчасы көптөр майлуу жерди ээлеп отурганын айтып, элдин келечек тагдырын ойлоп сай-сөөгү сыздап:

Тирүү туруп, калк сыяктуу саның жок,  
Короон турмак салып койгон тамың жок.  
Намысыңдан дуулдайсың, калайык,  
А кудайсыз «Төрөбайдан» дайын жок.

Пулу күйгөн калемпирди чайнашып,  
Пулдар достор, бийлик ээрде май басып…  
Кудуреттүү эр Манастын тукумун,  
Сындырбачы, качкын кылып айдатып…(4, 110) – деп кырк кабыргасы сөгүлүп, байыртан келаткан Манастын тукумдарынын эл, жер саткан бийлик төбөлдөрүнүн кесепетинен кан төгүлүп, азап тартып, кайгыга батканын акын курч публицистикалык дүрмөт менен жазган.

Акын Нинакан Жүндүбаева «Эр Манас – элдин тиреги» ырында:

Артына чагылган нур, шоола,  
Алдыны албырткан күн, айы.  
Кыргызды бирдикке чакырган,  
Манасы – эрдиктин кудайы!(5,4) – дейт. Нинакан Жүндүбаева «Абакем «Манас» айтканда» аттуу ырын улуу манасчы Сагымбайга, «Кыргыз казынасы» аттуу ырын Саякбай Каралаевге арнаган. Бул ырларда акын алардын талантына тамшанып, баа берип, эпостун каармандарын сыпаттоо менен тарых баракторын өзүнө сиңирген улуу мурастын түбөлүктүүлүгүнө суктанат.

Ушундай эле арноо ырларын алп манасчы Сагымбайга таазим этип, Д.Жунушев «Алп манасчы» аттуу ырын (Д.Жунушев «Чагылгандын отумун» Б., «Гүлчынар». 2013),

Ж.Бектуров «Улуулук» (Ж.Бектуров «Дил жанар». Б., «Шам», 1999) аттуу ырын Сагымбайга арнаган. Акын Б. Алыбаев улуу манасчылар Сагымбай менен Саякбайга «Манас» жана манасчылар» аттуу ырлар циклин арнаган. Мында акындар улуу манасчылардын талантына жогору баа берип, элдин миң жылдык тарыхын ырга айлантып, алп Манастын казаттарын, эрдиктерин, баатыр чоролорду ырдаган өзгөчөлүктөрүн белгилеп өтүшөт.

Акын М.Акимкожоев «Сайрандап жүрүп…» деген ырында кыялында Айкөл Манаска жолугуп, анын эрдиктерин өз оозунан угат:

Тагдырын элдин унутпай,
Өскөнбүз аттын жалында.
Акылман Бакай баш болуп,
Көргөнбүз жоого камылга.
Бири миң колду беттеген,
Кырк жигит кыраан жанымда (6, 85) – деп, кабылан акынга эл-жер үчүн болгон жортуулдарын, эрдиктерин өзү аңгеме-дүкөн кылып берет. Ушундай таттуу кыялынан чочуп кетип, өзүнө келсе, Талас шаарында бараткан болот.

Акын К.Адамалиев да «Манас» темасына кайрылып, эпостун айрым эпизоддорун өз алдынча мотивировкалоого умтулган. «Манастын Ала-Тоого келиши» аттуу ырында Алтайдан Ала-Тоого аттанган кыргыз көчүн, жолдон жоого чаптырбай кол баштаган Манас баатырдын эмгектерин колориттүү боектор менен ырга салып, жоокерчилик замандын духун, белгилерин сактап:

Күндүз туулар толкун сындуу желбиреп,
Беш түмөн кол чаң учуруп агылат.
Ала-Тоодо эл күтөрүн эр билет,
Жоо-жабдыктар, найза күнгө чагылат (7, 24) – деп сүрөттөйт акын. Андан ары Ала-Тоодо азган-тозгон элди жунгар калмактын эзүүсүнөн куткарып, кун кууп, душмандар чөгөлөп багынып, Манас барда эл биримдиктүү болуп, бакубат жашоо болгондугун баяндайт.

«Кырк жигиттин өлүмү» аттуу ырында акын эпостун сюжетиндеги окуядан экенин айырмалаган эл оозундагы аңыздын негизинде жазган. Белгисиз себептер менен таарынган кырк чоро Таластан аттанып чыгышып, Чүйдү ашып, Шамшыдан ашып кетеринде Манас алардын артынан кууп жетет, артка кайткыла деген анын сөзүнө кулак кагышпайт:

Душманга кеткичекти турбады арстан,
Таш жарып, ачуу чыккан кыйкырыгы,
Кырк жигит кол көтөрбөй кулады аттан,
Ошондо күн тутулуп, кара түшүп,
Капкара булут чалып Талас жакты,
Үч күнү баш көтөрбөй аза күтүп,
Үн-сөз жок , үшкүрүнүп, Манас жатты (7, 30) –деп жазат акын. Эпосто кырк чоронун өлүмү «Семетей» эпосунда баяндалып, Абыке, Көбөштүн азгырыгына кирген кырк чоро ыркка келбей качып, Семетейдин колунан набыт болушат. Семетей кербен башы Кызылсат менен дос болуп, анын көмөгү менен кырк чорого күмбөз салдырат (8, 229-б). Акын ушул эпизодду өз алдынча чечмелөөгө аракет кылган. Корутундулап айтканда, эгемендүү жылдарда да кыргыз акындары “Манас” эпосун даңазалап, андагы орошон идеяларды, образдарды, мотивдерди бүгүнкү күн менен байланыштырды, чыгармачылыкта кайра иштеп чыгышты, ушундан улам таасирленүүнүн, көркөм карым-катнаштын уюткусу уланып келе жатканы маанилүү болду.

**Адабияттар**


1. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. - Б:,

2. ТАС, 2004.Өмүрканов А. Жалгыздык ыры. - Б:, Ар фаль,2010.
3. Дүйшеев Ш. Шамал. - Б:, Бийиктик, 2010.
4. Закирова Т. Боз торгойдун ыры. - Б:, Бийиктик, 2003.
5. Жүндүбаева Н. Кызыл өрүк. Ырлар. - Б:, Шам, 2000.
6. Акимкожоев М. Кыял чабыттары.Ырлар жана поэмалар. - Б:, Адабият,1991.
7. Адамалиев К. Ак жаан. - Б:, Шам, 2007.
8. Манас энциклопедиясы. 2 –т. - Б:, 1999.
9. Эрматов Э. Махабат: поэмалар, трагедия. - Б:, Эркин-Тоо, 1995.